**Бүткүл Орусиянын жана Москванын патриархы Кирилдин Пасхалык кайрылуусу. Архипастырларга, пастырларга, кечилдерге жана Орус Православдык Чиркөөсүнүн баардык ишенимдүү балдарына.**

**Касиеттүү архипастырлар, абийирдүү аталар, Кудайды сүйгөн инокийлер жана инокинялар, кымбаттуу бир туугандарым!**

Дүйнөнүн сактоочусу өлгөндөн тирилген бул майрамдын салтанаты көөндөнгө толуп, анын табыттан туруп келе жатканын элестетип, сиздерге ички күчтөргө, таамай чындыкка, кубанычка толгон:

**Иса кайра тирилди !** - деген сөзүмдү айтмакчымын.

Жарыкка толгон бул Пасха түнү адамзатка Жараткандын мээримин тартуулайт. Бул үчүн Асмандагы Атанын түбөлүк Уулу адамзаттын түйшүгүн тартып, күнөө оорусунан айыктырып, тозоктун торүнө жете азап тартып, ажалдын кишенин талкалап, бизге Жаратуучубузга жакындоо мүмкүнчүлүгүн тартуулаган.

Жараткандын бул мээримине жамынсак биз жеңилбес куралга *Бул караңгы кылымдын дүйнө башкаруучуларына каршы, көк асмандын каардуу күчтөрүнө каршы* (Еф. 6, 12). ээ болобуз. Мезгилдин ар кандай чакырыктарына коркунучсуз кароо жөндөмдүүлүгүнө ээ болуп, адамзаттын чектелүү табийгатынан пайда болгон коркуу сезимдерди жеңебиз. Себеби, *сүйүүдө коркунуч жок, бирок чыныгы сүйүү коркуу сезимин кубалайт* ( 1 Ин.. 4, 18).

Жараткандын өзүнүн жолун жолдогондордун көңүлүн көтөрүп, ишенимин чыңдаш үчүн айткан "Коркпо !" – деген сөзүн Евангелие кайра-кайра бекеринен эстетпейт. Келечектен коркуу, белгисиз, анык же арсар коркунучтардан чочулоо- баардыгыбызга тааныш сезим. Кудайды танбасак Кудай ар дайым биз менен болот. Өлүмдү жеңген күндөрү да ал бизге *Коркпо, ишенимиңди жоготпо* ! (Мк. 5, 36 )-деген.

Биздин жүрүш-турушубуз жалган дүйнөнүн азгырыгынан алыс болуп Түбөлүк Чындыктын далили болсун. Себеби, биз азыр коомдук, диний эркиндиктин шарттарында жашап жатсак да, христиандык адеп-ахлак тартибинде жашоого аракет кылуу мурункудай эле агымга каршы сүзүү катары кабыл алынууда. Адамдын аң-сезимине таасир кылуучу заманбап каражаттар аркылуу жүрүш-туруштун стереотиптерин жана күнөө иштерди актаган позицияны системалуу түрдө өжөрлүк менен адамзаттын жашоосуна киргизүүгө болгон аракет мене карама-каршылыкты айкындап жатат.

Жаратканга кайрылуу менен биз бул дүйнөнү ээлеген өзүмчүлдүктөн, рухий бошттуктан кутулуп, кайра жаралуу шооласын көрүп, аны Асман Шаарына карай аттанганда жол көрсөткүч катары кабыл алышыбыз керек.

Түбөлүктүүлүккө карай кыймылыбызда күчтүн булагы болуп- бирдиктүү Евхаристикалык чөйчөккө биригишибиз болсун. Бизге Кудурети Күчтүү Кудайдын батасы тийип жан-дүйнөбүзгө тынчтык тартууласын, ишенимди арттырып сооп иштерде ийгилик жылоолосун.

Христиандар Денесине жана Канына жакындоо менен Ыйык Жазууда айтылгандай ***Кудайдын маңызынын*** ( 2 Пет. 1,4 ) бөлүгү болуп калабыз, табигый абалыбызды өзгөртүүгө күчүбүз жете турган болуп калат. Жакындоо менен бирге биз Ага ***биз үчүн Өзүн Өзү кемсинтип- адам түспөлүн алып, пендеге айланган, өлүмгө чейин, айкаш жыгачтагы өлүмдө да жазмышка моюн сунган*** (Флп. 2, 7-8) бардык тараптан окшошууга мүмкүнчүлүк алабыз.

Өзүн-өзү руханий жактан өзгөртүү коомдун, элдин, мамлекеттин жашоосун өзгөртүүнүн негизи болуп эсептелет. Бүтүндүктү анын бөлүкчөлөрүн өзгөртпөстөн туруп жакшы жакка өзгөртүү мүмкүн эмес. Элдин бардык катмарын: жаш өзгөчөлүк, социалдык, саясий катмарларын туура жолго багыттоо Ата-Мекендин өсүп-өнүгүшүнө шарт түзөт. Биздин жашоо багыттарыбыздан тарыхый Орусиянын бардык мамлекеттеринин, биздин Чиркөөнүн өнүгүп-өсүү жолдору аныкталат, жыйынтыгында келип Жараткан тарабынан бизге "сактагыла аны" (Быт 2, 15) деп таштаган нерселердин бардыгынын өсүп-өнүгүшү шартталат.

Кымбаттууларым, сыйынуумда Сиздердин күнүмдүк жашооңуздарда Кудайдан түгөнгүс жардамдар болушун, Кайра Тирилип тозокту Жеңген Иса тууралуу сүйүнүчүңүздүн түгөнбөшүн каалайм.

**ИСА ЧЫНЫНДА КАЙРА ТИРИЛДИ !**

Аминь.

**МОСКВАНЫН ЖАНА БүТ ОРУСИЯНЫН ПАТРИАРХЫ КИРИЛЛ**

Москва,

Исанын Пасхасы
2012-жыл.